КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ

"ПАМИР-АЛАЙ" АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ"
МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ
"АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА "ПАМИР-АЛАЙ"

---

**Памир-Алай айылдык Кеңешинин I чакырылышынын кезексиз 14-отурумунун**

**ТОКТОМУ**

2025-жылдын 18-августу № 29 Сары-Таш айылы

**Памир-Алай айылдык кенешине тиешелүү болгон №5117 Нура участкалык шайлоо комиссиясынын резервин толуктоо жөнүндө**

Памир-Алай айылдык кеңешинин I- чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 14- отуруму, айыл өкмөт башчысы К.Анарбаевдин Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча комиссиясынын 2025-жылдын 5- августундагы № 02-2-8/856 сандуу билдирүүсүндө аралыктан добуш берүү боюнча шайлоочулардын тизмесине киргизилген, бирок туруктуу катталган жери боюнча шайлоо участогунда добуш берүү мүмкүнчүлүгү болбогон жарандардын активдүү шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсызыз кылуу үчүн график боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинининин депутататтарын шайлоосун өткөрүүдө, аралыктан добуш берүү үчүн эл көп чогулган жерлерге (базар, соода түйүндөрдө ж.б жерлерге) аралыктан добуш берүү үчүн кошумча шайлоо участкаларын ачуу пландаштырылып, участкалык шайлоо комиссиялаларынын резервдерин толуктоо жөнүндө баяндамасын угуп жана талкуулап, "Кыргыз Республикасынын шайлолоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Мыйзамынын 19- беренесинин 1 - бөлүгүнө жана Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өзө алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34- беренесинин 17-пунктуна ылалайык, Памир-Алай айыл аймагынын № 5117 Нура участкалык шайлоо комиссияларынын резервин толуктоо максатында, **токтом кылат:**

1. 5117 Нура участкалык шайлоо комиссияларынын резервин толуктоо үчүн талапкерлерди сунуштоо, Нура айыл аймагындагы жамааттар арасында өткөрүлгөн жыйындардын протоколдорунун негизинде көрсөтүлгөн талапкерлер бекитилсин.

2. Участкалык шайлоо комиссиясынын резервин толуктоо үчүн көрсөтүлгөн талапкерлердин өздүк документтерин Алай аймактык шайлоо комиссиясына өз учурунда тапшыруу жагы Памир-Алай айылдык кеңештин жооптуу катчысы Э.Атыровага милдеттендирилсин.

3. Кабыл алынган токтом Алай аймактык шайлоо комиссиясына сунушталсын.

Төрага Н.Айтмаматов